«Бекитемин»
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл
мамлекеттик университетинин
ректору, Абдылдаев К.К.
______________________
«25» ___02___ 2019-жыл

**«Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин денсоолугун чыңдоо боюнча ишмердүүлүгүн калыптандыруу»** аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Кашматова Жамиля Аշировнанын диссертациялык ишине расмий оппоненттин

## ПИКИРИ

### Диссертациянын темасынын актуалдуулугу

Изилдөөнүн актуалдуу деп саналган коомдук турмуштагы элдин саламаттыгын чыңдоо жана активдүү жашоосун узартуу проблемасы медиктердин, педагогдордун, коомчулуктун жана мамлекеттин көңүл бурган предмети болгон жана боло берет. Бул проблеманы ийгиликтүү чечүү азыркы учурда өзгөчө мааниге ээ болду. *Адамдын ден соолугу* – анын психикалык жана физиологиялык сапатын сактоо жана өнүктүрүү процесси, жашоо мезгилиндеги оптималдуу деңгээлде жумушка жөндөмдүүлүгү жана социалдык активдүүлүгү.

Дене тарбиясы жана спорт адамдын денсоолугуна жана ишмердүүлүгүнө, баалуулуктар багытына оң таасирин тийгизгени баарыбызга белгилүү. Студент жаштардын ден соолугунун (дене бойлук, психикалык, физиологиялык) өнүгүшүнүн абалы өзгөчө курч жана токтоосуз чечүүнү талап кылган проблема.

Диссертант илимий жумушунда адамдын физикалык ден соолугуна таасир этүүчү негизги факторлордун төмөнкүлөрүн санап өткөн: 1) дене бойлук өнүгүүнүн деңгээли; 2) дене бойлук даярдыктын деңгээли; 3) дене бойлук жүктөмдөрдү аткарууга организмдин функционалдык жактан даяр болуусунун деңгээли; 4) организмдин көнүгүү резервдерин мобилизациялоого карата болгон жөндөмдүүлүгү жана денгээли.Алардын ичинен дене бойлу көнүгүүнүн жана дене бойлук даярдыкты калыптандыруунун деңгээлдеринде негизги орунда турган дене тарбиялык көнүгүүлөргө жана спорттук оюндарга токтолгон.

Дене тарбия чөйрөсүндө инсандын ишмердүүлүккө даярдыгын калыптандыруу, анын ден соолугун чыңдоону илимий негизде атайын иштеп чыгуунун өзү диссертант Ж.А. Кашматованын ишинин актуалдуулугун далилдейт.

**Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы:**

Изденүүчү бири-бири менен тыгыз байланышкан элементтердин бирдиктүү комплекси: башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери; "Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы" профилинде окуган студенттердин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүнө даярдыгын калыптандыруунун иш–аракеттери; башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандыруу боюнча системаны иштеп чыгуу; "Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы" профилинде окуган студенттердин дене тарбия сабагында талаптарды натыйжалуу ишке ашыруучу педагогикалык шарттардын көрсөткүчтөрүн эксперименттик негиздөөлөрү жоболорун негиз туткан.

Диссертациялык жумушта башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо боюнча ишмердүүлүгүн натыйжалуу калыптандырууну аныктаган педагогика илиминин өнүгүшү үчүн маанилүү

төмөндөгүдөй жаңы илимий негизделген теориялык жыйынтыктар келтирилген:

1-жыйынтык. Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин денсоолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын негиздери аныкталган;

2-жыйынтык. Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин денсоолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык системасы иштелип чыгылган;

3-жыйынтык. Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердуулүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары эксперименттик жол менен негизделген;

Ошондой эле башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердуулүгүнөдаярдыгын калыптандыруу үчүн сунуш кылынган теориялык ой-пикирлер педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилген.

**Диссертацияда чыгарылган илимий жыйынтыктарды жана натыйжаларды пайдалануу боюнча сунуштар**

1-ден, дене тарбиялоо процессинде ден соолукту чыңдоо ишмердүүлүгүнө даярдыкты калыптандыруунун методикалык системасы методологиялык жактан негизделгендиги;

2-ден, башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердуулүгүн калыптандыруу үчүн педагогикалык башкаруунун ишке ашырылгандыгы;

3-дөн, башталгыч класстардын болочок мугалимдерининден соолугун чыңдоо ишмердуулүгүн калыптандырууда окутуунун майнаптуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталгандыгы; алар практикада эксперименталдык текшерүүдөн өткөрүлгөндүгү.

Диссертацияда берилген практикалык сунуштарды: “Дене тарбия” окутуу-илимий дисциплинасын үйрөнүүнүн стратегиялык максаты дене тарбиясынын социалдык–гуманитардык багытталышына ылайык студенттерди ДТИге, дене тарбиясынын баалуулуктарын өзүнө ыйгаруу ишмердүүлүгүнө даярдоо сунушталгандыгын; 1) ЖОЖдо окуган жылдар үчүн перспективалуу программа; 2) жылдык программа; 3) ар бир ай үчүн программа иштелип чыгылгандыгын; ДТИнин класстан тышкаркы сабактарынын көлөмүн жана мазмунун студенттер өз алдынча өз каалоосу боюнча дене тарбия жана спорт менен машыгуусун жеке максаттарына ылайык аныктагандыгын зарыл деп эсептөөнү; студенттердин жыйынтыктоочу этапта өзү тандаган спорттун түрүндө өркүндөөнүн жеке программаларын өз алдынча түзүүсү жана аларды дене тарбия сабактарынын жүрүшүндө ошондой эле ДТИнин өз алдынча процессинде ишке ашыруусун белгилеп көрсөтүүнү башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандырууда түздөн-түз жетекчиликке алууга болот.

**Изилдөөнүн илимий жана практикалык мааниси:** Диссертациялык изилдөөдө төмөндөгүдөй жаңы илимий натыйжалар алынган:

– башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери иштелип чыгылган;

– “Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы” профилинде окуган студенттерге дене тарбиясын берүүдө аны натыйжалуу практикалык турмушка ашыруунун педагогикалык шарттарынын комплекси аныкталган жана эксперименталдык жактан негизделген.

Изилдөөнүн алынган натыйжалары «Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы» профилинде окуган студенттерге дене тарбиясын берүүнү жакшыртууга багытталгандыгы менен аныкталган.

Ден соолукту чыңдоочу дене тарбиялык ишмердүүлүккө даярдыктын маңыз-мазмунун, өнүгүү деңгээлин, аны калыптандыруунун педагогикалык

шарттарын билүү, өлчөөнүн жана баалоонун методдоруна багытталуу, дене тарбиясын берүү процессинде педагогикалык жана методикалык жактан негизделген түзөтүүлөрдүн мазмунуна, ошондой эле каражаттарына, бул мазмунду өздөштүрүү боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун методдоруна жана формаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү, аны башкаруунун сапатын жогорулатуу үчүн зарыл өбөлгөлөрдү түзгөн.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмелери бар.

**Диссертацияда жана авторефератта кездешкен төмөнкүдөй мүчүлүштүктөрдү белгилөөгө болот:**

1. Диссертацияда, авторефератта айрым пунктуациялык каталар кездешет.

Жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөрдү диссертант тура кабылалып, ондоп чыгат деген ойдобуз. Ошентсе да, булар диссертанттын ишинин жалпы «беделин» түшүрбөйт. Диссертация жеткиликтүү тил менен теориялык-практикалык жактан жогорку деңгээлде аткарылган.

**Диссертациянын КРнын “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү” жобонун 10 п. ылайыктуулугу**

Жыйынтыктап айтканда, Кашматова Жамиля Ашировнанын **«Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин ден соолугун чыңдоо боюнча ишмердүүлүгүн калыптандыруу»** деп аталган диссертациясын белгилүү бир илимдин тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселенин чечмеленишин камтыган диссертациялык иш катары 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга коюлган Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын

талаптарына, андагы критерийлерге толугу менен жооп берет деп эсептөөгө болот.

Диссертациялык иштин натыйжалары боюнча 16 макала, алардын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланган макалалары, Казак Республикасынын илимий журналдарында жарыяланган 2 макаласы, РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү Россия Федерациясынын илимий журналдарында жарыяланган 2 макаласы да бар. Автордун илимий-методикалык сунуштамалары изилдөөнүн негизинде формулировкаланган теориялык жоболорду, практикалык сунуштарды өз ичине толук камтыйт.

Кашматова Жамиля Аշировна педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий оппонент**
**педагогика илимдеринин**
**кандидаты, К.Тыныстанов атындагы**
**Ысык-Көл мамлекеттик**
**университетинин «дене тарбия»**
**кафедрасынын башчысы, доцент:** **А.А. Иманбаев**

А. Иманбаевдин колун
ЫРАСТАЙМЫН
Окумуштуулар кеңешинин
катчысы
«25» 02 2019